**7-тиркеме**

**2021-жылдын 5-сентябрындагы**
**№1 педагогикалык кенеште**
**каралды**

**БЕКИТЕМ**
Директор
А.Асаналиева
_________2021-жыл

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**
**директор алдындагы кеңешмесинин**
**ЖОБОСУ**

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын негизинде, КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына , 2003-жыл 30-апрель №92 Өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтомдорунун чечими жана буйруктарына ылайык,)*

**Жалпы жобо**

1. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директор алдындагы кеңешме билим берүү процессинин башкаруудагы коллегиялык орган болуп саналат.

1.1 Директор алдындагы кеңешме мектеп Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барышат. Бул жобо мектептин педпгогикалык Кеңеши тарабынан кабыл алынат жана ал билим берүү мекемесинин директору тарабынан жүргүзүлөт.

1.2 Бул Жобо аныкталбаган мөөнөткө кабыл алынат жана өзүнүн ишмердүүлүгүн , башкаруунун натыйжалуулугун ачыктык принциптеринин негизинде ишке ашырышат.

**Жобонун негиздери**

2. Директор алдындагы кеңешменин максаттары жана милдеттери.

2.1 Билим берүү процессинде педагогикалык ишмердүүлүктүн жогорку натыйжалуулугуна жетишүү.

2.2 Милдеттери:
- Педагогикалык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу;
-педагогдордун чыгармачылык потенциалык өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- педагогдорго билим берүүдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө өз убагында маалымдоо;

2.3 Кеңешме төмөнкү функцияларды ишке ашырат.
- окуу –тарбиялоо процессинин жыйынтыктарын талдоо;
- билим берүү программасын ишке ашыруунун натыйжаларын талдоо
- Педагогдордун кесиптик квалификациясын жогорулатуу графигин аткаруу
-педагогдорду аттестациялоонун натыйжалрын талдоо.
- окуучулардын ийгилигине талдоо жүргүзүү
- бардык денгээлдеги ченемдик- укуктук дакументтерди окутуп үйрөтүү

Scanned by TapScanner

- мектептин локалдуу актыларын жана ченемдик –укуктук документтерди аткаруу.

3. Кеңештин куралы жана анын түзүүнүн тартиби.

3.1. Кеңешменин төрагасы болуп мектептин директору, төраганын орун басары болуп ОТИ боюнча , уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарынын бири болот.

3.2 Кеңешменин ишине баардык педагогикалык жамаат катышышы керек.

3.3 Билим берүү процессинин башка катышуучулары, алардын ата-энелери башка кызыкдар мекемелер жыйынтыгында каралуучу маселелерге жараша чакырылат.

3.4 Кеңешменин Төрагасы:

- Кеңешменин ишин жетектейт
- Кемешменин мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт.
- Кеңешменин тарабынан кабыл алынган чечимдерди бекитет жана алардын аткарылышын контролдойт.

4. Кеңешменин даярдоо жана өткөрүү тартиби

4.1 Кеңешме айына бир жолу өткөрүлөт.

4.2 Кеңешмеде кароо үчүн пландалган маселелердин тизмеси талкууланат.

5. Кеңешмелердин протоколдорун тариздөө тартиби

5.1 Каралган маселелер боюнча кеңешмеде кабыл алынган чечимдерге ылайык кеңешменин катчысы кеңешме өткөрүлгөн учурдан тартып бир жумалык мөөнөттө Пратоколдун долбоорун мектептин директоруна кол коюуга сунуштайт.

5.2 Кеңешменин протоколунда директор тарабынан кол койгон тапшырманы аткаруу мөөнөтү милдеттүү болуп эсептелет.

5.3. Пратоколдордо протоколдун номери жана кеңешме өткөрүлгөн дата көрсөтүлөт, катышкандардын саны белгиленет.

5.4. Директор алдындагы кенешменин чечимдери архивде 5 жылга чейин сакталат.

5.5.Директор алдындагы кенешменин отурумдары чечим менен тастыкталып, ага төрага жана катчы кол коет, ал мектеп боюнча буйрук чыгаруу үчүн негиз болуп эсептелет.

**Жыйынтыктоочу жоболор.**

7.1. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7.2. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кенешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип бекитилет.

Scanned by TapScanner